**Эмгек келишими**

Чуй районундагы Мээнеткеч айылы 9. 12. -2022-жыл.

Чүй районунун Мээнеткеч айылындагы Асан Жансейитов атындагы орто мектеби.

КРсынын Билим беруу жана илим министрлигинин эмгек мыйзамына ылайык 1чи тараптан мектеп мүд
Касенова Бегайым Тилековна

2чи тараптан мугалим Абдабекова Камилан Асылбековна болуп келишим туздук.

## 1.Келишимдин негизи:

**1.1.** Кызматкер төмөнкү кызматка алынат тарых мугалими жана кызматына жар кызматтык функционалдык милдеттерин аткарат.

**1.2.** Келишим 9. 12. 22. жылдан баштап 1.09.2023жыл мөөнөткө чейин.

**1.3.** Жумуш убактысы: 08:00дөн 17:00го чейин

**1.4.** Келишим кол коюлгандан баштап күчүнө кирет.Кызматкер өзүнө тиешелуу болгон укуктарга жана милдеттерге ээ болот.

**Тараптардын милдеттери:**

## 2. Кызматкердин милдети:

**2.1.** Предмети боюнча окуу программасына ылайык календарлык,күнүмдүк сабактардын пландарын түзү жана окуу бөлүмүнүн башчысынын макулдугу менен сабакка кирүүгө;

**2.2.** Предмети боюнча кружоктук иштер,класстан тышкаркы иштерди өз алдынча жүргүзүүгө,кошумча билим берүүнүн үстүндө иш алып баруута;

**2.3.** Класс жетекчилик милдетти так,окуучунун ден-соолугуна,аброюна шек келтирбестен аткарууга;

**2.4.** Мектептин документациясын так,туура өз учурунда толтурууга;

**2.5.** Окуучуга Мамлекеттик стандартка туура келген билим берүүгө жетишүүгө;

**2.6.** Сабакка кечикпөө ,өз учурунда баштоого,сабакты себепсиз калтырууга,мектеп жамааты менен биргеликте сабактан тышкаркы учурларда ишембиликтерге чыгууга;

**2.7.**Мектептин материалдык баалуулуктарына аяр мамиле жасоого (эмеректер.парта,стул,стол,көргөзмө куралдар ж.б.у.с) жоопкерчиликти сезүүгө;

**2.8.** Эгерде мугалимдер арасында ар кандай ушак айын менен ортодогу ынтымакты ажыратууга аракет кылса жана сабактан бир жолу кечиксе **/Эскертуу/**, эки жолу кечиксе **/Сөгүш/**,үчүнчү жолу кайталанса **/Ээлеген кызматынан бошотулат/**,ошондой эле жумушта уч саат эч себепсиз жок болсо,эмгек мыйзамы менен статья менен бошотулат.

## 3. Директордун милдети:

**3.1.** Мугалим функционалдык милдеттерин аткаруу учун шарт тузуп берүүгө;

**3.2.** Мугалим учун эмгек мыйзамына ылайык социалдык гарантияларды берүүгө;

**3.3.** Мугалим учун эмгек шартты тех.коопсуздук жана санитардык нормаларга ылайык шарттарды тузуп берүүгө;

**3.4.** Мугалимге бөлүнгөн сааттарды тарификациядан өткөрүп берүүгө;

## 4. Эмгек акы.

**4.1.** Кызматкерлерге тарификациянын негизинде эмгек акы төлөнөт;

**4.2.** Директор окуу жылынын аягында аткарган ишинин жыйынтыктары менен мектептин мактоо баракчасына,А/Око,Ведомстволук (грамота) мактоо баракчасына сунуштама...

**4.3.** Мугалимге эмгек мыйзамынын негизинде акы төлөнүүчү эмгек өргүүсүн берүүгө;

**4.4.** Эмгек мыйзамынын негизинде акы төлөнбөгөн эмгек өргүүгө чыгуу үчүн мугалимдин өзүнүн арыз менен берүүгө;

**5. Келишимди узартуу,токтотуу,толуктоо,өзгөртүү киргизүү.**

**5.1.** Келишимдин токтотулуусу эмгек мамиленин аякташы;

-- Эки тараптын макулдугу;

-- Келишимде каралган милдеттердин бир тараптуу аткарылбай калышы;

-- 31-34-36-39-статьялардын негизинде мооноттун аякташы менен;

**5.2.** Келишимдин юридикалык күчү эки тарапка тен бирдей,эгер өзгөртүү киргизилсе анда эки тараптын макулдугу керек;

**5.3.** Эгер келишим бүтөөрүнө үч ай калганда эки тарап эч кандай өзгөртүү киргизүүнү каалабаса анда келишим мөөнөтү автоматтык түрдө белгилүү мөөнөткө узартылат.

**6. Башка шарттар.**

**6.1.** Келишим эки тарап кол койгон кундон тартып кучуно кирет;

**6.2.** Келишим эки нускада эки тарапта тен бирдей сактала;

**6.3.** Эки тарптын талаш-тартышы эмгек мыйзамынын негизинде чечилет;

**7. Эки тараптын даректери жана колдору:**

**Жумуш берүүчү**

А.Жансейитов атындагы

орто мектебинин мүдүрү

Касенова Бегайым Тилековна

Токмок шаары Жантаева көчөсү 23/25

Колу, мөөр

**Кызматкер**

А. Жансейитов атындагы орто мектебинин тарых сабагынан мугалими.

Абдыбекова Ж. А.

Колу, мөөр